**С. Жусупбаев атындагы орто мектебинин педагогикалык кеңешинин**
**№ 5 токтому**

28-май 2020- жыл Жаңы- Тилек айылы

Катышкандар: -

педагогикалык кеңештин төрагасы: Чырмыев М.Ж.

катчы: Рысбекова Г.Ж.

педагогикалык кызматкерлер- 16

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. 5-6-7-8-10-класстардын окуучуларынан көчүрүү тартиби жөнүндө.
2. 9-11-класстардын окуучуларын жыйынтыктоо аттестациясына жиберүү.
3. IV чейректин жана жылдын жыйынтыгын чыгаруу.
4. 9-11-класстардын окуучуларын жыйынтыктоочу малекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө.
5. 2019-2020-окуу жылынын жыйынтыгы боюнча мугалимдерди жогорку сыйлыктарга сунуштоо.

1.Күн тартибинде каралуучу 1- маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Кудайбергенова Мееримдин билдирүүсү: Мектепте 5-класстан 12 окуучу, 6-класстан 8-окуучу,7-класстан 9 окуучу, 8-класстан 7 окуучу,10-класстан 5 окуучу көчүрүү сынактары алынмак. Өзүнүздөр билгендей вирустун жайылып кетпешинин алдын алуу максатында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги 2020-жылдын 11-майында № 362/1 буругун жиберген.Бул буйрукта 2019-2020-окуу жылындагы класстан класска көчүрүү сынактары кырдаалга жараша алынбайт деп жазылган.Ошондуктан быйылкы окуу жылындагы көчүрүү сынактары болбойт.Окуу жылы 30-майда жыйынтыкталат.

2. Күн тартибинде каралуучу 2- маселе боюнча 9- 11-класстын окуучуларын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясына жиберүү боюнча: 9-класстын класс жетекчиси Койчуманова Алтынчачтын билдирүүсү: 9-класста жалпы 7-окуучу, 6 бала, 1 кыз, отличник окуучу жок “4,5” окуган 2 окуучу, “3,4” окуган 4 окуучу,1-окуучу жалан “3” окуйт. Бирок окуучуларымдын жүрүш-туруштары жакшы .Кырдаалга жараша Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 11-майындагы № 361/1 буйругундагы Убактылуу Жобонун негизинде сынакты III чейректин жыйынтыгын жана жылдыгын карап комиссия койгон жатабыз.Биринчи сынагыбыз 2-июнда,2-сынагыбыз 4-июнда,3-сынагыбыз 8-июнда,4-сынагыбыз 10-июнда жыйынтыкталат.

11-класстын окуучуларын жыйынтыктоо аттестациясына жиберүү боюнча класс жетекчиси Турсунова Жылдыздын билдирүүсү: 11-класста жалпы 7-окуучу, 4 бала, 3 кыз отличник окуучу 1-окуучу, “4,5” окуган 3 окуучу, “3,4” окуган 3 окуучу.Менин да окуучуларымдын жүрүш-турушу жакшы .Мектептин коомдук иштерине активдүү катыштык.Жаныбекова Арууке орус тили предметинен райондо 2-оурнду ,облуста 1-орунду камсыз кылды.Биз дагы жогорудагыдай Убактылуу Жобонун негизинде жыйынтыктайбыз. Биринчи сынагыбыз 2-июнда,2-сынагыбыз 4-июнда,3-сынагыбыз 8-июнда, 4-сынагыбыз 10-июнда жыйынтыкталат.

3.Күн тартибинде каралуучу 3- маселе: IV чейректин жылдын жыйынтыгын чыгаруу чейректин жыйынтыгы боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы М.Кудайбергенованын билдирүүсү: **IV чейректин жыйынтыгы боюнча:**

1-4-класста 26/11 окуучу окуду. Отличниги-9/5, «4,5» ке окуган окуучулар-5/3, «3,4» кө окуган окуучулар-7/1, билим сапаты-59 % түздү. Баа чыкпаганы-5/2 окуучу.

5-класста 12/5 окуучу окуйт. Отличниги-1/1, «4,5» ке окуган окуучулар-4/3, «3,4» кө окуган окуучулар-6/0, «3» кө окуган окуучу -1/1, билим сапаты- 42% түздү.

6-класста 8/4 окуучу окуйт. Отличниги-4/3, «4,5» ке окуган окуучулар-3/1, «3,4» кө окуган окуучулар-1/0, билим сапаты-87 % түздү.

7-класста 9/4 окуучу окуйт. Отличниги-1/0,«4,5» ке окуган окуучулар-3/1, «3,4» кө окуган окуучулар-5/3, билим сапаты-44% түздү.

8-класста 7/3 окуучу окуйт. «4,5» ке окуган окуучулар-3/3, «3,4» кө окуган окуучулар-4/0, билим сапаты-42% түздү.

9-класста 7/1 окуучу окуйт. «4,5» ке окуган окуучулар-3/1, «3,4» кө окуган окуучулар-3/0, жалан «3» кө окуган окуучу -1/0, билим сапаты-28 % түздү. 5-9-класстардын билим сапаты 48,8 % түздү.

10-класста 5/2 окуучу окуйт. «4,5» ке окуган окуучулар- 2/1, «3,4» кө окуган окуучулар-3/1, билим сапаты- 40% түздү.

11-класста 7/3 окуучу окуйт. Отличниги-1/0 «4,5» ке окуган окуучулар-3/2, «3,4» кө окуган окуучулар-3/0, билим сапаты-57% түздү.

10-11-класстардын билим сапаты 48,5 % түздү. Жалпы 1-11-класстын билим сапаты 56,5 % түздү.

**Жылдык жыйынтыгы:**

1-4-класста 26/11 окуучу окуду. Отличниги-9/5, «4,5» ке окуган окуучулар-5/3, «3,4» кө окуган окуучулар-7/1, билим сапаты-59 % түздү. Баа чыкпаганы-5/2 окуучу.

5-класста 12/5 окуучу окуйт. «4,5» ке окуган окуучулар-5/4, «3,4» кө окуган окуучулар-6/0, «3» кө окуган окуучу -1/1, билим сапаты- 42% түздү.

6-класста 8/4 окуучу окуйт. Отличниги-4/3, «4,5» ке окуган окуучулар-3/1, «3,4» кө окуган окуучулар-1/0, билим сапаты-87 % түздү.

7-класста 9/4 окуучу окуйт. Отличниги-1/0,«4,5» ке окуган окуучулар-3/1, «3,4» кө окуган окуучулар-5/3, билим сапаты-44% түздү.

8-класста 7/3 окуучу окуйт. «4,5» ке окуган окуучулар-3/3, «3,4» кө окуган окуучулар-2/0,жалан «3» кө окуган окуучу -2/0 билим сапаты-42% түздү.

9-класста 7/1 окуучу окуйт. «4,5» ке окуган окуучулар-2/1, «3,4» кө окуган окуучулар-4/0, жалан «3» кө окуган окуучу -1/0, билим сапаты-42 % түздү. 5-9-класстардын билим сапаты 51,4 % түздү.

10-класста 5/2 окуучу окуйт. «4,5» ке окуган окуучулар- 3/1, «3,4» кө окуган окуучулар-2/1, билим сапаты- 60% түздү.

11-класста 7/3 окуучу окуйт. Отличниги-1/1 «4,5» ке окуган окуучулар-3/2, «3,4» кө окуган окуучулар-3/0, билим сапаты-57% түздү.

10-11-класстардын билим сапаты 58 % түздү. Жалпы 1-11-класстын билим сапаты 56 % түздү.

4. Күн тартибинде каралуучу 4- маселе: боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы М.Кудайбергенованын билдирүүсү; Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 11-майындагы № 361/1 буйругундагы Убактылуу Жобонун негизинде 9-11-класстардан сынактыктар комиссиянын отуруму менен алынат. Убактылуу Жобонун негизинде окуучулардан сынакты алууда III чейректин жыйынтыгын жана жылдыгын карап комиссия тарабынан баалары коюлат.Комиссиянын курамын сиздерге тааныштырып коеюн.

1.М.Чырмыев директор-11-класска төрага
2.М.Кудайбергенова -9-класска төрайым
3.А.Койчманова -кыргыз тил жана адабияты
4.Г.Рысбекова-математика жана алгебра
5.Ж.Турсунова –орус тили жана адабияты
6.Доктурбек у У-тарых сабагынан
Бул комиссия курамы 3 төн бөлүнүп экзамен алышат .Жыйынтыктоочу мамлекеттик экзамендер 2-4-8-10- июнда алынат.

5. Күн тартибинде каралуучу 5- маселе: Мектеп директору Чырмыев Мирбектин сөзү: 2019-2020-окуу жылынын жыйынтыгы менен жогорудагы сыйлыктарга мугалимдерден сунуштаңыздар. "Билим берүүнүн мыктысы" төш белгисине, КР нын билим берүү жана илим министрлигинин "Ардак грамотасына" Нарын облустук усулдук билим берүү борборунун "Ардак грамотасына"Ак-Талаа райондук билим берүү бөлүмүнүн профсоюз уюмунун "Ардак .грамотасына",Ак-Талаа райондук мамлекеттик администрациясынын "Ардак грамотасына", Мектептин профсоюз уюмунун "Ардак грамотасына". Мектептин "Ардак грамотасына".

Башталгыч класстын мугалими Сагындыкованын сөзү: Мен КР нын Билим берүү жана илим министрлигинин "Билим берүүнүн мыктысы" төш белгисине Сайнилова Айгеримди сунуш кылат элем. Анткени көп жылдан бери биздин секцияны жетектеп жүрөт.

Мектеп директору М.Чырмыевдин сөзү; КР нын Билим берүү жана илим министрлигинин "Ардак грамотасына" сунуш кылалы десек калган мугалимдерибиздин стажысы жетпейт экен.Бул сыйлыкка кетирбей калдык.

Кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалими Койчумановнын сөзү: Нарын облустук усулдук билим берүү борборунун "Ардак грамотасына" Таалиева Гүлбарчынды сунуштайм.Анткени Гүлбарчын 2 жылдан бери ала албай эле жүрөт Стажысы да жетет өзү да үлгүлүү жакшы мугалим.Быйыл келбесе бөлөк мугалимдерди сунуштайлы.

Орус тили сабагынын мугалими Ж.Турсунованын сөзү КР нын мугалимдердин профсоюздар уюмунун "Төш белгисине" Чолпон Керменованы сунуштайлы.

Кол эмгек жана сүрөт сабагынын мугалими Калпаевдин сөзү: Мектептин профсоюз уюмунун "Ардак грамотасына" Сагындыкова Айтыны сунуштайм.2018-2019-окуу жылында кетирдик эле мектептин профсоюз уюмунун "Ардак грамотасына" мектептики жок деп ала албай калыптыр. Окуу бөлүмүнүн башчысы М.Кудайбергенованын сөзү: Мектептин "Ардак грамотасына" Токтокуев Жалилди сунуштайм.Уюштуруучу Токтобекова Розанын сөзү; Ак-Талаа райондук мамлекеттик администрациясынын "Ардак грамотасына" китепканачы Турдалиева Асылкүл эжени сунуштайм.

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап педагогикалык кеңеш
**чечим кылат.**

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим мнистрлигинин 2020-жылдын 11-майында № 362/1 буругун негизинде 5-6-7-8-10-класстардын класстан класска көчүрүү сынактары токтотулсун.
2.2019-2020-окуу жылы 30-майда жыйынтыкталсын.
3.9-11-класстардын окуучулары жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясына жиберилсин.
4.Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 11-майындагы № 361/1 буйругундагы Убактылуу Жобонун негизинде III чейректин жыйынтыгын жана жылдыгын карап баалары коюлсун.
Жыйынтык баалары ар бир окуучуга өзүнчө билдирилсин.
5. IV чейректин жыйынтыгы жана жылдын жыйынтыгы жакшы деп табылсын.
6. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 11-майындагы № 361/1 буйругундагы Убактылуу Жобонун негизинде 9-11-класстардан сынактар 2-4-8-10-июнь күндөрү графиктин негизинде комиссиянын отуруму менен алынсын.
7. КР нын Билим берүү жана илим министрлигинин " Билим берүүнүн мыктысы" төш белгисине Сайнилова Айгерим Советбековнаны , Нарын облустук усулдук билим берүү борборунун "Ардак грамотасына" -Таалиева Гүлбарчын Көчкөнбаевна , КРнын мугалимдердин прфсоюздар уюмунун "Төш белгисине "-Керменова Чолпон Арстанбековнаны, Мектептин профсоюз уюмунун "Ардак грамотасына " Сагындыкова Айтбүбү Акматбековнаны, Ак-Талаа райондук мамлекеттик администрациясынын "Ардак грамотасына" Турдалиева Асылкүл Насырымбековнаны,Мектептин "Ардак грамотасына" Токтокуев Жалил Ниязбековичтер сунушталсын.
8.Сунуштарды жиберүү жагы мектеп директору М.Чырмыевге милдеттендирилсин.

педагогикалык
кеңештин төрагасы: Чырмыев М.Ж
катчы: Г.Рысбекова